**2013-жылдын 16-майындагы № 72 Кыргыз Республикасынын Мыйзамы**

## ”Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө”
## Кыргыз Республикасынын Мыйзамына толуктоолорду киргизүү тууралуу

2013-жылдын 4-апрелинде — Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан кабыл алынган

**1-берене.** ”Коомдук саламаттык сактоо жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин Жарчысы, 2009-ж., № 7, 758-ст.) төмөнкүдөй толуктоолор киргизилсин:

**1.** 2-беренеде:

берене төмөнкүдөй мазмундагы биринчи жана экинчи абзацтар менен толукталсын:

“**Адаптация** – организмдин функциялык мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүсүн, анын ишке жөндөмдүүлүгүнүн артуусун жана сырткы таасирлерге болгон каршылыгынын жогорулоосун чагылдырган жандуу организмдин өзгөрүлмө сырткы чөйрөнүн шарттарына карата ыңгайланышуу процесстери.

**Адаптациялык жөндөмдүүлүгү** – мүмкүн болгон зыянды азайтуу, ыңгайлуу мүмкүндүктөрдү пайдалануу же кесепеттерди жоюу максатында системанын климаттын өзгөрүшүнө (климаттын өзгөрмөлүгүн жана экстрим кубулуштарды кошуп алганда) ыңгайлашууга жөндөмдүүлүгү.”;

тогузунчу абзац ”ветеринардык” жана “чөйрөсүнүн” деген сөздөрдөн кийин тиешелүүлүгүнө жараша “, адаптациялык” жана “, анын ичинде климаттын өзгөрүшүнүн” деген сөздөр менен толукталсын.

**2.** 7-берененин 2-бөлүгүнүн бешинчи абзацы “бузулушу” деген сөздөн кийин “, алааматтуу жаратылыштык-климаттык абалдар” деген сөздөр менен толукталсын.

**2-берене**. Ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет.

**Кыргыз Республикасынын**
**Президенти** **А. Атамбаев**